**Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН

Жаран Канат Асанкадырович Джайлоевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 2-апрелиндеги № 16-о аныктамасына даттануусун канааттандыруусуз калтыруу жөнүндө

## ТОКТОМУ

2015-жылдын 29-майы Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу - судья М. Ш. Касымалиев, судьялар Ч. А. Айдарбекова, М. Р. Бобукеева, Э. Т. Мамыров, А. О. Нарынбекова, Э. Ж. Осконбаев, Ч. О. Осмонова, К. С. Сооронкулованын курамында, соттук отурумдун катчысы М. Э. Толобалдиевдин катышуусунда, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесенин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, соттук отурумда жаран К. А. Джайлоевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 2-апрелиндеги № 16-о «Жаран Канат Асанкадырович Джайлоевдин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» аныктамасына даттануусун карап чыкты.

Даттануу боюнча соттук отурумду даярдоону жүргүзгөн судья Э. Ж. Осконбаевдин маалыматын угуп, көрсөтүлгөн материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**ТАПТЫ:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2015-жылдын 19-февралында жаран К. А. Джайлоевдин «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесинин 1-бөлүгүн конституциялуу эмес жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 35-беренесине карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Арызданууучу аны менен талашылып жаткан мыйзамдын ченеми адвокаттар уюмунда милдеттүү мүчөлүктү бекитет, ошону менен адвокаттардын конституциялык биригүү эркиндиктерин кемсинтет жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 35-беренесинде бекитилген өз ыктыярдуулук принцибине карама-каршы келет деп белгилейт.

2015-жылдын 27-мартында жаран К. А. Джайлоевден өзүнүн талаптарын тактоо жана көлөмүн чоңойтуу жөнүндө кошумча арыз келип түшкөн. Анда ал кошумча «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 35-беренесине карама-каршы келет деп, ошондой эле жогоруда аталган мыйзамдын 1-беренесин, 2-беренесинин 1, 3-бөлүктөрүн, 5-беренесинин 1-бөлүгүн, 26-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2, 6-пункттарын Жарандык кодекстин 11, 12-беренелерине, 83-беренесинин 3-бөлүгүнө, 85-беренесинин 3-бөлүгүнө, «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» мыйзамдын 2, 3, 4-беренелерине карама-каршы келет деп таанууну суранган.

Андан тышкары арыз анын авторунун адвокаттык ишмердүүлүктү укуктук жөнгө салуунун сапаты боюнча баалоочу пикирлерин камтыган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы Э. Ж. Осконбаев, М. Р. Бобукеева, Ч. О. Осмонованын курамында жаран К. А. Джайлоевдин кайрылуусун карап чыгып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесенин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 4, 5-пункттарын, 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, 2015-жылдын 2-апрелинде төмөнкүлөрдүн негизинде аны өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктама кабыл алган.

Судьялар коллегиясы арызданууучунун «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесин, 2-беренесинин 1, 3-бөлүктөрүн, 5-беренесинин 1-бөлүгүн, 26-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2, 6-пункттарын Жарандык кодекстин 11, 12-беренелерине, 83-беренесинин 3-бөлүгүнө, 85-беренесинин 3-бөлүгүнө, «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» мыйзамдын 2, 3, 4-беренелерине карама-каршы келет деп таануу бөлүгүндөгү талаптары Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына караштуу эмес деп тапкан.

Коллегия, бул көз карашка негиздеме катары Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы Конституциянын 97-беренесинин 6-бөлүгүнө жана 5-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык ыйгарым укуктардын толук тизмесине ээ жана алардын чегинен чыга албайт, ушуга байланыштуу мыйзамдардын ченемдеринин бири-бирине болгон карама-каршылыгы, укуктук жөнгө салуунун жана мыйзамдардын ченемдеринин мазмунунун кемчиликтерин жоюу маселелери конституциялык сот өндүрүшүнүн предмети боло албайт деп белгиледи.

Ошондой эле, судьялар коллегиясы «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесенин 3-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык арыздокануучунун «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесинин 1-бөлүгүн, 15-беренесин Конституциянын 35-беренесине карама-каршы келет деп таануу жөнүндө талабы өндүрүшкө кабыл алынышы мүмкүн эмес деп аныктаган, анткени бул ченемдердин конституциялуугу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палата тарабынан мурда текшерилген жана анын өз күчүн сактаган актысы бар (Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2015-жылдын 11-мартындагы № 04-Р чечими).

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 2-апрелиндеги № 16-о аныктамасы менен макул болбостон жаран К. А. Джайлоев 2015-жылдын 17-апрелинде Конституциялык палатага даттануу менен кайрылган.

Өзүнүн даттануусунда жаран К. А. Джайлоев Конституциялык палатанын 2015-жылдын 15-мартындагы чечиминин адилеттигинде күмөн санабай тургандыгын жана анын жыйынтыктары менен макулдугун билдирет, бирок, анын өтүнүчү кароонун өзүнчө предмети боло алмак деп эсептейт, анткени анын көз караштары мурунку арыздануучулардын жүйөлөрүнөн айырмаланып тургандыгын жана Конституциялык палата тарабынан башка иштин алкагында текшерилген ченемдердин конституциялуу эместигин негиздөөгө болгон ыкмасы башка экенин билдирет. Жекече, жаран К. А. Джайлоевдын ою боюнча маселе талашылып жаткан ченемдердин бүтүндөй эмес, алардын өзүнчө болүктөрү боюнча коюлушу зарыл болчу.

Арыздануучу, мурда кабыл алынган, ченемге жалпысынан баа берeген чечимге шилтеме келтирүү өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу

ченемдин өзүнчө жоболорунун конституциялуугуна күмөн санап жаткан башка адамдардын укугун бузат деп божомолдойт.

Ошондой эле, арыздануучу анын кошумча арызындагы талаптарынын караштуу эместиги тууралуу судьялар коллегиясынын көз карашы менен макулдугун белгилейт. Бирок, арыз аны менен кайрылуунун предметин кеңейтүү үчүн эмес, аны менен коюлган маселенин караштуулугун аныктоо максатында берилгендигин белгиледи. Анткени, Бишкек шаарынын райондор аралык соту 2014-жылдын 24-декабрындагы аныктамасы менен анын «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» мыйзамдын айрым ченемдерин жараксыз деп таануу жөнүндө арызын бул маселенин Конституциялык палатага кайраштуулугуна байланыштуу кайтарып берген. Ошентсе да, ал аны менен талашылып жаткан ченемдердин конституциялуугу тууралуу маселе койгон эмес, болгону гана Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекси, «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» жана «Юридикалык жактарды каттоо жөнүндө» мыйзамдар менен карама-каршылыктар бар экендигин белгилеген.

Бишкек шаардык сотунун 2015-жылдын 5-февралындагы аныктамасы менен Бишкек шаарынын райондор аралык сотунун жогоруда аталган аныктамасы өзгөртүүсүз, ал эми К. А. Джайлоевдин жеке даттануусу канааттандырылуусуз калтырылган.

Конституциялык палата арызданууучунун жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздерин талкуулап чыгып, төмөнкү жыйынтыктарга келет.

1. Судьялар коллегиясы «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесин, 2-беренесинин 1, 3-бөлүктөрүн, 5-беренесинин 1-бөлүгүн, 26-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2, 6-пункттарын Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 11, 12-беренелерине, 83-беренесинин 3-бөлүгүнө, 85-беренесинин 3-бөлүгүнө, «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» Кыргыз

Республикасынын Мыйзамынын 2, 3, 4-беренелерине карама-каршы келет деп таануу жөнүндө талаптар Конституциялык палатага караштуу эмес деген чечимге туура келишкен.

Судьялар коллегиясынын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Конституцияда бекитилген ыйгарым укуктарынын толук кандуулугуна болгон шилтемеси негиздүү болуп эсептелинет. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы мыйзамдардын ченеми менен кодекстердин жана башка ченемдик укуктук актылардын ченемдери менен катышын орнотууга, алардын ортосундагы коллизия маселелерин чечүүгө укуктуу эмес.

«Кыргыз Республикасынын нормативдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 32, 33-беренелерине ылайык ченемдик укуктук актылардын ортосунда коллизия болгон учурда укуктук мамилелердин субъекттери жогору юридикалык күчкө ээ болгон ченемдик укуктук актынын ченемин жетекчиликке алууга милдеттүү. Мыйзамдардын ченемдери кодекстердин ченемдери менен ажырымданган учурда мыйзамдын ченемдери кодекске тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин гана колдонула алат. Ченемдик укуктук актыларда боштуктар жана коллизиялар табылганда ушул актыларды кабыл алган ченем жаратуучу субъекттерге тиешелүү толуктоолорду же өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен аларды жок кылуу милдети жүктөлөт.

2. Ошондой эле, арызданууч өзүнүн өтүнүчүндө «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесинин 1-бөлүгүн жана 15-беренесин конституциялуу эмес жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 35-беренесине карама-каршы келет деп таанууну суранган.

Аталган мыйзамдын 2-беренесинин 1-бөлүгүнүн жана 15-беренесинин конституциялуугу да Конституциялык палата тарабынан 2015-жылдын 11-мартында каралган жана бул ченемдер Кыргыз Республикасынын

Конституциясына карама-каршы келбейт деп таанылган (Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2015-жылдын 11-мартындагы № 04-Р чечими).

Ченемдин конституциялуугун текшерүүдө Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арызданууучунун жүйөлөрү менен байланбастан укуктук көз караштан укуктук баа берет. Ошондуктан, бекитилген тартипте конституциялуу деп таанылган ченем толугу менен да, анын өзүнчө бөлүктөрү да, башка адамдарда анын конституциялуугунда күмөн жаратуучу жаңы жүйөлөрдүн пайда болуусун эске алганда да жаңы кароонун предмети боло албайт.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 2-апрелиндеги № 16-о «Жаран Канат Асанкадырович Джайлоевдын кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» аныктамасын жокко чыгаруу үчүн негиз тапкан жок.

Жогорулардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Жаран Канат Асанкадырович Джайлоевдын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 2-апрелиндеги № 16-о «Жаран Канат Асанкадырович Джайлоевдын кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусу канаттандыруусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**